*Кудабаева Г.Б., Сейдакматова А.Э.*

# БАЛДАРДЫН ЖАШ КУРАКТАРЫ БОЮНЧА КӨҢҮЛ БУРУУ ПРОЦЕССИНЕ МҮНӨЗДӨМӨ

*Кудабаева Г.Б., Сейдакматова А.Э.*

# ХАРАКТЕРИСТИКА ПРОЦЕССА ВНИМАНИЯ ПО ВОЗРАСТНЫМ ОСОБЕННОСТЯМ ДЕТЕЙ

*G.B. Kudabaeva, A.E. Seidakmatova*

# CHARACTERISTICS OF THE PROCESS OF ATTENTION DEPENDING ON AGE PECULIARITIES OF CHILDREN

*УДК: 159.9*

*Макалада көңүл буруу процессинин теориялык маанисине токтолуу менен ар бир жаш курактын көңүл буруууларынын түрлөрүнө, атап айтканда, эрксиз көңүл буруу, эрктүү көңүл буруу, эрктүүдөн кийинки көңүл буруу, ошондой эле көңүл буруунун касиеттери болгон көңүл буруунун бөлүштүрүлүшү, көңүл буруунун көлөмү, көңүл буруунун топтоштурулушу, көңүл буруунун башкага бурулуп кетиши, көңүл буруунун туруктуулугу сыяктуу психологиялык өзгөчөлүктөрүн чагылдырылган. Көңүл буруу процесси ар бир курактык мезгилге бөлүнүп каралган, атап айтканда, мектепке чейинки курактагы балдардын көыщл буруусунун психологиялык өзгөчөлүктөрү, кенже мектеп курагындагы балдардын көңүл буруусунун психологиялык өзгөчөлүктөрү, өспүрүм курактагы балдардын жана жеткинчек курактагы балдардын көңүл буруусунун психологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча анализдер берилген. Балдардын инсан болуп калыптануусунда көңүл буруунун орду көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *көңүл буруу, эрк, жүрүш-туруш, эркин көңүл буруу, көңүл буруунун касиеттери.*

*В статье широко рассмотрен теоретический смысл внимания, также отражены его психолого-возрастные особенности. А именно непроизвольное внимание, произвольное внимание. Процесс внимания рассмотрен в зависимости от возрастных изменений, в частности это психологические особенности детей дошкольного, младшего школьного и подросткового возраста. В данной статье дан анализ вышеперечисленным психологическим особенностям внимания. В научной работе отражена роль внимания в формировании детей как личностей.*

***Ключевые слова****: внимание, воля, поведение, свободное внимание, свойства внимания.*

*The article is considered on the theoretical value of the process and pay attention to every kinds of attention from a young age, and, in particular, unconsciously slipping free to pay attention, attention, attention to pay attention to the next, as well as the properties of attention was paid to distribution, the amount of attention paid to the grouping, special attention should be paid attention to be paid to another shift, reflected in the features of the psychological stability. Attention to the process are provided in each age period, namely, the attention paid to the issue of children of preschool age and physiological characteristics of elementary school-aged children with attention paid to psychological characteristics of children, adolescents and adolescent-age children in the attention paid to psychological characteristics analysis. Place emphasis on the formation of a child.*

***Key words:*** *attentions, attention, will of carrying out, not free attention, following free attention, properties of attention.*

Балдардын жаш курактары боюнча көңүл буруу процессин теориялык жактан жакшы өздөштүрүп, ал билимдерди практикада колдоно билүү актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Себеби, сабакты уюштуруу моменттеринде, деги эле сабакта окуучулардын көңүл буруууларын топтоштурууда көңүл буруу процессин теориялык жактан билүү абзел.

Балдардын жаш курактары боюнча көңүл буруу процессине мүнөздөмө берүүдө алгач көңүл буруунун теориялык жагына токтолгум келет. Атап айтканда, *көңүл буруу* деп аң-сезимдин, акыл-эстин атайын же кокусунан белгилүү бир объектиге топтолушун жана багытталышын айтабыз.

Физиологиялык кубулуштарын ар түрдүүлүгүнө байланыштуу көңүл буруу үч түргө бөлүнөт: *эрктүү көңүл буруу, эрксиз көңүл буруу, эрктүүдөн кийинки көңүл буруу*.

Эрксиз көңүл буруу плансыз, максатсыз, кокусунан пайда болот. Анын физиологиялык негизи күчтүү дүүлүктүргүчтүн таасири астында доминанттык козголуунун пайда болушу менен түшүндүрүлөт, б.а. адаттан тышкаркы ачык өң, жаңы нерсе, күч, күтүлбөгөн окуялар ж.б.у.с. дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринде келип чыгуучу көңүл буруу. Мындай көңүл буруу капысынан пайда болот да буга атайын даярдык жүргүзүлбөйт. Мисалы, окуучу кызыктуу аңгеме угуп же кино көрүп жатса, анда туруктуу топтоштурулган көңүл буруу пайда болот да мында ынтаалуулук үчүн атайын эрк, атайын максат деле талап кылынбайт.

Эрктүү көңүл буруу – деп атайын, пландуу, белгилүү максат боюнча аң-сезимдин, акыл-эстин белгилүү объектиге топтолушун айтабыз, б.а. максатка умтулган, алдына аң-сезимдүүлүк менен койгон максатты баамдай билген, тагыраак айтканда эрктүү чыйрыкануу, эрктин күч алышы менен байланышкан көңүл буруу. Эрктүү көңүл буруу турмушта чоң мааниге ээ. Окуу процессинде эрктүү көңүл буруу талап кылынат. Анткени ал астына койгон максатты ачык айкын билүүсү зарыл, иштөө учурунда көңүл буруусун уюшкандыкта сактай билүүсү керек.

Эрктүүдөн кийинки көңүл буруу деген түздөнтүз кызыгууну же керектөөнү пайда кылбаган, көңүл буруу процессин атайын уюштурууну талап кылган максаттуу жана пландуу иштер сөзсүз аткарылууга тийиштүү болгон объектиге атайын эс-акылдын топ-

толушу. Көңүл буруунун бул түрү эрктүү көңүл буруудан кийин пайда болот. Мисалы, окуучу сочинение жазууда болгон оюн топтоштурат, максатын аныктайт. Ал эми ошол сочинение жазып жаткан учурда абдан кызыгып, эсине жаңы нерселердин кайра-кайра түшүүсү жана берилип жазуусу эрктүүдөн кийинки көңүл бурууну пайда кылат.

Мектеп жашына чейинки балдардын көңүл буруусун өстүрүүдө бөбөк эки жаштан тартып нерсенин сырткы көрүнүшүнө гана назар салбастан, анын ички түзүлүшүн да билгиси келе баштайт. Бул мезгилде чоң адамдардын сөзү баланын көңүл буруусун өстүрүүдөгү шарттуу сигналдардын эң күчтүүсү болуп саналат. Бул куракта аларда өзгөчө кандайдыр бир эмоцияны пайда кылуучу окуяларга, предметтерге көңүл буруу жактары басымдуулук кыла баштайт. Бара-бара алар айбандарга, оюнчуктарга кызыга башташат да 4-5 жашка келгенде алардын көңүл буруусу туруктуу боло баштайт. Бирок алардын көңүл буруусу тез эле алагды болууга ийкемдүү келет. Предметтерге көңүл буруусу өнүктүрүүнүн негизги шарты болуп саналат.

Мектеп жашындагы кенже балдардын көңүл буруусун тарбиялоо баланын активдүүлүгүн, эркин жана адатын тарбиялоо, баланын өтүлгөн ар бир сабакка көңүл буруп угуусун адатка айлантыш үчүн ал мектептин босогосун аттагандан тартып иш жүргүзүү зарыл. Буларда али да болсо эрксиз көңүл буруу басымдуулук кылат. Ошондуктан, булардын алдына максат коюу, аны аткаруу, көңүл буруусун өстүрүүнүн эң жакшы ыгы болуп эсептелет. Мындан тышкары, төмөнкү класстын балдарынын кунт коюусун өстүрүүдө алардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу жана ошого ылайык тарбия иштерин жүргүзүү зарыл. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын көңүл буруусун комплексттүү өстүрүү негизги иштерден болуп саналат да бири-бири менен тыгыз байланышкан бир нече факторлорго жараша чечилет.

Өспүрүмдүн кунт коюусу балалык куракtan өтүп, чоң адамдардын катарына кошулдум деп турган өтмө мезгилге дал келген куракtagы балдардын көңүл буруусу. Мындай курак ар түрдүү нерселерге көп кызыгышы жана алардан текз эле кызыгы тарай башташы, эрктүү көңүл буруу калыптанып келе жатса да, аларда али да болсо эрксиз көңүл буруу басымдуулук кылары менен өзгөчөлөнөт. Бул куракtagы балдардын көңүл буруусу алагды болбоо үчүн жана алардын эрктүү көңүл буруусу өз деңгээлинде өсүүсү үчүн сабакты кызыктуу, ар түрдүү жолдорду жана ыкмаларды колдонуу аркылуу программалык материалдын негизин алардын аң-сезимине терең жана так жеткирүү, техникалык каражаттарды көбүрөөк пайдалануу, жаңы фактыларды келтирүү, сабактын бардык этабында кыраакылыкты бир минутага да бошоңдотпоо зарыл экенин эске алуу зарыл экенин эсепке алуу керек.

Жеткинчектердин (улан-кыздардын) кунт коюусу логикалык ойлоолорго жана ырааттуу, далилдүү ой жүгүртө билгендикке түздөн-түз көз каранды. Ал объектилердин ички мазмунуна дилгирленишет. Аларды ойлонтууга аргасыз кылган объектилер алардын көңүл буруусуна көбүрөөк арсыйт. Жогорку класстын окуучуларынын кызыксыз кыйынчылык менен түшүнө турган татаал маселелерге да көңүл бура алышы, алардын көңүл буруусунун өзгөчөлүгү болуп саналат. Ошондуктан, буларга проблематикалык окууну көбүрөөк практикалоо зарыл. Бойго жеткен жаштардын көңүл буруусу интеллектуалдык, эстетикалык сезимдер ыймандуулук менен бекем ширетилген шартта калыптанат.

Мугалимдин көңүл буруусу – балдардын жаш өзгөчөлүгүн жана жекече сапаттык белгилерин эсепке алуу менен аларга дилгир мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берүүчү педагогикалык, нравалык касиеттердин бири. Мугалим көңүл буруунун жардамы менен класста болуп жаткан бардык кыймылдарга, б.а. окуучулардын жүрүм-турумуна, психикалык абалына, сабакка жасаган мамилесине, ага көңүл буруусуна, түшүнүшүнө жана тырышчаактыгына, акырында иштин жыйынтыгына өзүнүн көңүлүн алат. Демек, мугалимдин көңүл буруусу - анын педагогикалык байкагычтыгына, ыкмасына, чеберчилигине байланыштуу. Мугалимдин көңүл буруусуна көбүнчө анын педагогикалык байкагычтыгы өзгөчө көмөк көрсөтөт. Анткени, мугалим окуучунун сырткы көрүнүшүн гана эмес, анын ички дүйнөсүндө болуп жаткан реакцияларды айттырбай билип турат. Мугалимдин көңүл буруусунун эң жакшы өнүккөндүгүн билдире турган бирден-бир белги, анын өзүнүн аң-сезиминин туруктуулугун жана жандуулугун айкалыштыра ала билиши болуп эсептелет да анын көңүл буруусунун көлөмү, туруктуулугу аркылуу бааланат.

Көңүл буруунун тарбиялоодо эң алгач эрктүү көңүл бурууну өнүктүрүүгө аракет кылуу зарыл. Ал үчүн эң башкысы жетишээрлик деңгээлде кеңири жана туруктуу кызыгуунун пайда болушу зарыл жана кабыл алып жаткан обьектиге эрктүү түрдө аң-сезимди бүт топтоого өзүн-өзү мажбур кыла билүү керек. Көңүл бурбай туруп иштөөнүн эч кажаты жок. Ар бир адам көңүл буруусунун өзгөчөлүктөрүн, анын күчтүү жана начар жактарын билүүсү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Веккер Л.М. Психические процессы. - Л., 1974.
2. Гримак Л.П. Резервы человеческой психики. - М., 1989.
3. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы. - Б., 1999.
4. Кудабаева Г.Б. Адам психологиясы. - Б.: 2001.
5. Кудабаева Г.Б. Жалпы психология. - Б., 2011.
6. Марцинковская Т.Д. Психология развития. - М., 2001.
7. Розет И.М. Психология фантазии. - Минск, 1977.
8. Хрестоматия по вниманию. - М., 1976.


**Рецензент: к.пед.н. Умарбекова А.А.**